
# Мырза көгүчкөн



Автор: Зинакан Пасаңова

Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

# Мырза көгүчкөн

Автор: Зинакан Пасаңова
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мырза көгүчкөн" (кыргыз тилинде), автор Зинакан Пасаңова, сүрөтчү Айсулуу Алиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Менин жашоом дагы бир доско байыды. Кыш түшүп, кар жааганда биздин коробузга бир көгүчкөн учуп келди. Ал бозумтул көк, көкүрөк жагы аппак, сулуу көгүчкөн эле. Курсагы ач окшойт, жерден жем издеп жатты. Бир үзүм нанды майдалап жерге чачып койдум. Көгүчкөн нанды көрсө да жакындап келиштен чочулады. Алыстан карап турдум. Ачка көгүчкөн нандын күкүмдөрү чачылган жерге этияттык менен жакындап келди. Анан сугалактык менен чокулай баштады. Бир да күкүм калтырган жок. Тойгондон кийин жорголой басып, короо менен таанышып жүрдү. Кичинекей табакка суу куюп келип койдум. Ал сууга тумшугун салып бир нече жолу ууртады да, анан учуп кетти.

Эртеси көгүчкөн дагы учуп келди. Бул жолу дубалдын кырына конуп, “гуу-гуу” деп үн салды. Жерге буудайдын данын чачып койдум. Жаңы досум көп деле чочулабай калыптыр. Дароо жерге түшүп данды чокулап кирди. Жакындасам да корккон жок.

Көгүчкөн эми күн сайын биздин короого учуп келчү болду. Бара-бара өз үйүндө жүргөндөй короодо кеңири басып калды. Алаканымдан эле нандын күкүмүн, дан жана башка жем жей берет. Кыш келип, кар жааганда көгүчкөнгө жем чачып койгон жерге кичинекей таранчылар да учуп келе баштады. Алар алгач көгүчкөндөн чочулап, көп жакындай албай, чет-жакасынан гана бирин-серин күкүмдү чокуп ала качат. Бирок менин досум аларды кубалаган жок. А түгүл кичинекей чымчыктарга карап да койбой, жем жегенин улантат. Бара-бара чымчыктар коркпой калышты. Көгүчкөндүн жанында эле жемди каалашынча жеп жүрүшөт. Досумдун бул кең пейилдиги мага аябай жакты. Аны "Мырза көгүчкөн" деп атап койдум.

Бул жөнүндө апама айтсам:

– Көгүчкөндү бекер жерден "тынчтыктын символу" дешпейт да. Бул канаттуу уруш-талашты сүйбөйт, өзүнөн алсыздарга зомбулук кылбайт, тынч жүрөт, – деп түшүндүрдү.





Анан мага көгүчкөн жөнүндө бир уламыш айтып берди.

– Байыркы грек мифтеринде согуш кудайы Марс жөнүндө кызыктуу уламыштар бар. Алардын бири көгүчкөнгө байланыштуу.  Марс кезектеги жортуулга аттанайын деп камынса, калпагынын өйдө карай кайкалаган кырбуусуна көгүчкөн уялап, жумуртка басып жатыптыр. Марс көгүчкөндүн балапандарын чыгарып алышын күтүп жүрүп, согушка барбай калган экен. Ошондон кийин дүйнө эли көгүчкөндү “тынчтыктын символу” деп атап калышыптыр.

Бул уламышты уккандан кийин көгүчкөндөрдү андан бетер жакшы көрө баштадым.



Өткөн жекшемби күнү ал жанына аппак, бир аз кичирээк сулуу көгүчкөнду ээрчите келди. Бирок ак көгүчкөн дубалдын кырына конгон жеринен түшүүгө батынган жок. Короодо сайрандап жүргөн Мырза көгүчкөнду күтүп отура берди.

Бир күнү көгүчкөндөрдүн биздин чатырдын астына уя салып коюшканын байкап калдым.

Жакында үйгө дагы бир топ жаныбар байырлап, жакын досторума айланарына ишенем...

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Зинакан Пасаңова
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли